«ЖАКТЫРЫЛДЫ»
Эл аралык Кувейт университетинин
Окумуштуулар кеңешинин чечими
Протокол № 6
«29» 03 2019ж.

«БЕКИТЕМИН»
Эл аралык Кувейт университетинин
ректору профессор А.С.Ормушев
________________
«29» 03 2019ж.

# ЭЛ АРАЛЫК КУВЕЙТ УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАТАКАНАЛАР ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБОСУ

## I. Жалпы жобо

- Эл аралык Кувейт университетинин студенттик жатаканалары университеттин базасындагы социалдык обьект болуп саналат;
- Студенттик жатаканага алыскы райондордон жана облустардан келген жана жатаканага муктаж Эл аралык Кувейт ниверситетинин билим алып жаткан студенттер бир жылдык келишимдин негизинде жашай алат;
- Жашоочуларга университет социалдык жактан керектүү шарттарды (эс алуу бөлмөсү, душ, муздаткыч ж.б.у.с.) түзүп берет жана керектүү инвентарлар менен камсыз кылат;
- Жатаканадагы электр жарыгы, газ, суу, жылуулук системаларынын өз убагында берилип туруусу жана үзгүлтүксүз иштөөсү университет тарабынан камсыздалат;
- Шаардагы коммуналдык тейлөөлөргө болгон баа жогорулаган учурларда жатакананын келишимдик акысы да жогорулайт;
- Эл аралык Кувейт Университетинин жатаканаларын уюштуруу, тарбиялык иштер жагынан Эл аралык Кувейт Университетинин тарбия иштери боюнча проректору тарабынан көзөмөлдөнөт;
- Эл аралык Кувейт Университетинин жатаканалары боюнча координатору, жатаканалардын тарбия иштери боюнча кураторлорун, университеттин тарбия иштери боюнча проректору тарабынан сунушталып, ректор дайындайт жана алар ушул жобого ылайык иш алып барат.

## II. Студенттерди жатаканага жайгаштыруу

- Студенттерди жатаканага жайгаштыруу окуу жылынын башталышында 25-августтан 10-сентябрга чейин жүргүзүлөт;
- Жатаканадагы орундар атайын Тартип комиссиясынын отурумунда каралып квоталык негизде бөлүштүрүлөт;
- Жатакана алгач социалдык жактан колдоого муктаж студенттерге берилет жана алыскы райондордон, чет өлкөлөрдөн келген төмөнкү курстун студенттери жайгаштырылат, эгер бош орундар болсо жогорку курстарга да берилет;
- Студенттерди жайгаштыруу жана бөлмөлөрдү бөлүштүрүү университеттин тарбия иштери боюнча кураторунун көзөмөлдөөсү менен жатаканалардын кураторлору жана коменданттары тарабынан жүргүзүлөт.

***Студент жатаканага жайгашуу үчүн төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:***

- Эл аралык Кувейтуниверситетинин ректорунун наамына арыз жазууга;
- Студент арызга өзү окуган факультеттин деканынын колун койдурууга;
- Тартип комиссиясынын чечиминин негизинде жатаканага жайгашууга уруксат алууга;

- Эл аралык Кувейтуниверситетинин медициналык пунктунан медициналык кароодон өтүүгө жана жатаканада жашоого уруксат алууга;
- Жатакана акысын Эл аралык Кувейт университетинин кассасына эки бөлүп төлөөгө (сентябрь-январь, февраль-июнь);
- Бөлмөлөр Эл аралык кувейт университетинин жатаканалары боюнча координатору, тарбия иштери боюнча куратор жана комендант тарабынан бөлүштүрүлүп, каттоодон өткөн күндөн тартып студент тиешелүү жатаканада, бөлүнгөн бөлмөдө жашоо укугуна ээ болот.

## III. Студенттик жатаканада жашаган студенттердин милдеттери жана укуктары

***Жатаканада жашаган студенттер төмөнкүлөргө милдеттүү:***

- Жатаканага жашоо үчүн акча каражатын алдын ала эки бөлүп төлөөгө жана тиешелүү документтерди так жана толук тапшырууга;
- Жатаканадагы ички тартипти, техникалык коопсуздук эрежелерин толук сактоого, электр приборлорун жана башка буюмдарды туура колдонууга;
- Жатакананын тарбия иштери боюнча куратору, коменданты жана студенттик кеңештин уюштуруусу менен өткөн иш-чараларга, ишембиликтерге, айлана-чөйрөнү көрктөндүрүү иштерине активдүү катышууга;
- Газды, сууну жана электр энергиясын ж.б. керектөөлөрдү үнөмдүү пайдаланууга, газ жана электрдик жабдыктар менен иштөөдө техникалык коопсуздук эрежелерин сактоого;
- Секцияларды жана бөлмөлөрдү жыйноого, жалпы колдонулуучу бөлмөлөрдү таза колдонууга, жатаканага тийиштүү бардык нерселерге этият мамиле кылууга;
- Жатаканада жашаган студенттер убактылуу эс алууга же практикага кете тургандыгын беш күн мурун комендантка билдирүүгө;
- Жатакананын кызматкерлерине жана жашоочуларына сылык мамиле жасоого;
- Окуудан чыгарылган студент окуудан чыгарылгандыгы тууралуу буйрук чыккандан кийин бир жумалык мөөнөттүн ичинде жатаканадагы ордун өткөзүп берүүгө;
- Бөлмө ачкычынын бирөөсүн комендантка тапшырууга.

## IV. Жатаканада жашаган студенттер төмөнкүлөргө укуктуу:

- Жатаканадагы инвентарларды жана жабдууларды колдонууга;
- Студенттин эркиндиктери жана укугу кимдир бирөөлөр тарабынан тебеленсе, комендантка же кураторго даттанууга;
- Жатакананын студенттик кеңеши менен бирдикте кыш мезгилинде бөлмөнү жылуулоо үчүн кам көрүүгө;
- Жатаканада уюштурулган ар кандай маданий-массалык тарбиялык иштерге, конкурстарга, спорттук мелдештерге катышууга;
- Комендант менен макулдашып бөлмөсүн ремонттоого жана коздоого;
- Жатаканадагы кемчиликтер тууралуу кураторго жана комендантка өз оюн ачык билдирүүгө;
- Жатаканада тартип бузбай, бөлмөсүн таза сактап, баардык иш-чараларга активтүү катышып жашаган студенттер, тарбия иштери боюнча куратор жана

коменданттын сунушу менен кийинки окуу жылында жашоого уруксат алалат.

## V. Жатаканада жашоочуларга уруксат берилбейт

- Өз алдынча бир бөлмөдөн экинчи бөлмөгө жайгашууга жана инвентарь алып барууга;
- Электр өткөргүчүн өз алдынча ондоого же башка орунга которууга;
- Бөлмөлөрдө электр жылыткычтарды колдонууга;
- Магнитофондун, телерадионун үндөрүн кошуна бөлмөгө угулганга чейин бийиктетүүгө;
- Кечки саат 23:00 дөн кийин музыка коюуга, коридордо жөнү жок басууга;
- Студенттик кеңештин, коменданттын уруксатысыз бөлмөлөрдүн бооруна ар кандай нерселерди чаптоого;
- Жатакананын жетекчилигинин уруксатысыз өз алдынча иш чараларды уюштурууга;
- Бөлмө ачкычынын башка бирөөлөргө берүүгө.

**Өзгөчө уруксат берилбейт**

- Мас абалында жатаканага кирүүгө;
- Жатакананын ичинде жана аймагында тамеки тартууга;
- Ар кандай диний багытта үгүттөө жүргүзүүгө;
- Ашыкча электр жабдууларын колдонууга жана бөлмөнүн ичинде тамак даярдоого;
- Студент тартип бузуп жатаканадан чыгарылса, акчасы кайтарылып берилбейт.

## VI. Жатакананын студенттик кеңеши

- Жатаканадагы студенттик кеңештин төрагасы тарбия иштери боюнча куратор жана коменданттын сунушу, студенттердин макулдугу менен бир жылдык мөөнөткө жатаканалар боюнча координатор тарабынан дайындалат;
- Студенттик кеңештин сектор башчылары жана мүчөлөрү атайын жыйында студенттер, тарбия иштери боюнча куратор жана коменданттын сунуштары менен дайындалат;
- Ар бир бөлмөдө жашаган студенттердин сунушу менен бөлмөнүн старосталары дайындалат.

## VII. Студенттик кеңештин милдеттери:

- Студенттерди жатаканага жайгаштырууда комендантка көмөктөшүү;
- Жатаканада тарбиялык, маданий-массалык иш- чараларды уюштуруу;
- Жатаканадагы санитардык тазалыкты, техникалык коопсуздукту, ички жана сырткы тартипти көзөмөлдөө;
- График боюнча жатакананын жалпы колдонуучу жайларында студенттердин күзөтүн уюштуруу;
- Жатакананын өздүк буюмдарын көздүн карегиндей сакталышын көзөмөлдөө;
- Жатаканада одоно тартип бузган студенттерди тартипке чакыруу;
- Иш-чара өткөрүүдөн мурун куратор, комендант жана жатаканалар боюнча координатордон уруксат алуу;
- Ар бир бөлмодө санитардык китепченин болуусун көзөмөлдөө;
- Жашоочулардын жатаканадагы милдеттерин, укуктарын түшүндүрүү;
- Жатаканада жашаган жалпы студенттерге семестр аягында отчет берүү.

## VIII. Комендант милдеттүү:

- Жатакананы жаңы окуу жылына карата толук кандуу даярдоого;
- Студенттерди жатаканага жайгаштырууда Тартип комиссиясынын чечимине ылайык берилген ордердин негизинде студенттерди көрсөтүлгөн бөлмөгө жайгаштырууга, жатакана акысын толук төлөгөндүгүн, медициналык кароодон өткөндүгүн кылдат текшерүүгө;
- Ар бир жашоочуга инвентарларды туура бөлүштүрүгө;
- Студенттик кеңештин жана жатакананын персоналдык кызматкерлеринин иш аракеттерин түдөн-түз көзөмөлдөөгө;
- Студенттерге жатаканадагы инвентарларды, техникалык каражаттарды туура пайдалануу жана ички тазалыкты, тартипти, коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча жыйын өткөрүүгө;
- Студенттерге таалим-тарбия берүүгө, туура жол көрсөтүүгө;
- Туура эмес жолдо жүргөн, тартип бузган студенттер жөнүндө маалыматты деканатка, университеттин тарбия иштери боюнча кураторуна жана ата-энесине өз убагында билдирип турууга;
- Күн сайын күзөтчүнүн билдирүүсүн угууга жана ошого карап иш жүргүзүүгө;
- Жатаканага тиешелүү аймактын тазалыгын камсыздоого жана айлана-чөйрөсүн жашылдандырууга;
- Жатаканада бекитилген планга ылайык иш-чараларын уюштурууга көмөктөшүү;
- Студенттер менен өз ара пикир алышып турууга жана студенттерден түшкөн арыздарды канааттандырууга;
- Жатакананын жылуулук, газ, электр системаларын, суу түтүктөрүнүн нормалдуу иштеп жаткандыгын такай көзөмөлдөп турууга.

## IX. Коменданттын укугу:

- Жатаканада эмгектенип жаткан кайсы бир кызматкер милдетин так аткарбаса же мыйзамга туура келбеген иш аракеттерди жасаса, ал кызматкерди жумуштан бошотуу боюнча сунуш берүүгө;
- Студент жатаканадагы ички тартипти бузган учурда эскертүү берүүгө, эгерде дагы кайталанса университетинин тарбия иштери боюнча куратору, жатаканалар боюнча координатору, жатакананын тарбия иштери боюнча куратору, студенттик кеңештин мүчөлөрү менен талкулаган соң жатаканадан чыгарууга;
- Тиешелүү учурларда студенттерди бир бөлмөдөн экинчи бөлмөгө которууга;
- Жатакананын шартын жакшыртуу максатында ректоратка сунуш берүүгө.

## X. Күзөтчү (вахтер) милдеттүү:

- Күзөтчү өзүнүн иш убактысынан 15 мүнөт эрте келип, жатакананын ичин бир ирет карап чыгып, андан кийин күзөтчүлүктү өткөзүп алууга;
- Жашоочулардын пропускасын ар дайым текшерип киргизүүгө;
- Жатаканага жат адамдарды киргизбөөгө;
- Эгерде студент тууганын же ата-энесин жатаканага киргизүүсүн суранса, вахтага документ калтырып, кайсы бөлмөгө кирээрин тактап, каттоо китепчесине жазып, андан кийин 2 саатка уруксат берүүгө;
- Жатакананын эшигин кечки саат 21:30дан кечиктирбей жабууга жана эшик жабылгандан кийин келген студенттердин тизмесин комендантка билдирүүгө;
- Кечки саат 23:00дан баштап кабаттардагы газ, суу түтүктөрүнүн толук бекитилгендигин текшерип чыгууга;

- .Өзүнүн күзөтчүлүгү учурунда болгон окуяларды комендантка билдирүгө;
- **Эскертүү:** 18:00дөн кийин пропускасы жок жат адамды киргизип жиберсе же күзөтчүлүк учурунда мыйзам бузууга жол берсе эскертүү берилет, экинчи жолу кайталанса жумуштан четтетилет.

**Эл аралык Кувейт Университетинин жатаканалары боюнча координатору милдеттүү:**

- Окуу жылынын башында жатаканада өткөрүлүүчү бир жылдык иш чаралардын планын иштеп чыгууга, тарбия иштери боюнча проректор тарабынан бекиттирүүгө жана тарбия иштери боюнча кураторлорго, комендanttарга, студенттик кеңештин төрагаларына таркатууга;
- Жаңы окуу жылы башталаарда жатаканалардын ремонтун жана санитардык-гигиеналык абалын текшерип чыгууга;
- Студенттерди жатаканага жайгаштырууга жана жайгашып жаткан учурда келишимдик акынын толук төлгөндүгүн, медициналык кароодон өткөндүгүн, кылдат текшерип, андан кийин жашоо үчүн ордер берүүгө;
- Жашоочулар менен пикир алышып турууга жана студенттерден түшкөн каттарды, доо арыздарды канааттандырууга;
- Жатаканалардын санитардык, электрдик-техникалык коопсуздук абалын текшерүү боюнча атайын рейддерди уюштурууга;
- Жатакананын материалдык-техникалык каражаттарын, газ, жылуулук, электр системаларын максаттуу жана үнөмдүү пайдаланылуусун көзөмөлдөөгө;
- Жатаканаларда конкурстарды, талкууларды, маданий-массалык жана спорттук иш чараларды ырааттуу түрдө мезгил-мезгили менен уюштурууга;
- Жатаканада көйгөйлүү маселелер жаралган учурда тарбия иштери боюнча проректорго кабарлоого;
- Семестрдин аягында студенттик кеңештин отчетун алууга.

**XII. Эл аралык Кувейт Университетинин жатаканалары боюнча координатору укуктуу:**

- Коменданттын сунушу менен жатакананын студенттик кеңешинин төрагасын дайындоого;
- Студенттик кеңештин иш-пландарын бекитүүгө жана алардын аткарылышын түздөн-түз көзөмөлдөөгө;
- Жыл жыйынтыгы боюнча жана даталуу майрамдарга карата маданий-массалык, коомдук, спорттук иш чараларга активдүү катышкан студенттерди сыйлоо (ардак грамота, акчалай сыйлык ж.б.) жөнүндө окуу жайдын жетекчилигине сунуштоого;
- Одоно тартип бузган студенттерди жатаканадан чыгарууга;
- Өз ишин так аткарбаган студенттик кеңештин төрагасын алмаштырууга.